# МАХМУД КАШГАРИ ЖАНА ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН ЭМГЕКТЕРИНДЕ КӨЧМӨН МАЛ ЧАРБАЧЫЛЫКТАГЫ ЖЫЛКЫЧЫЛЫКТЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

**БООБЕК УУЛУ БОЛОТ**
*Ж. Баласагынатындагы КУУнун*
*Аспиранты*

**Аннотация**

Макалада Караханилер доорунда (XI кылым) жашап өткөн белгилүү аалымдар Махмуд Хашгаринин "Түрк тилдеринин сөздүгү" жана Жусуп Баласагындын "Куттуу билим"аттуу эмгектеринде чагылдырылган көчмөн мал чарбачылыкта жылкынын ордун жана жылкычылыка байланышкан салттуу жөрөлгөлөрдү, айтымдарды, макал – лакаптарды иликтөөгө алабыз.

**Ачкыч сөздөр:**Караханилер доору, мал чарбачылык, жылкычылык, Махмуд Кашгари жана Жусуп Баласагындын эмгектери

**Аннотация**

В данной статье мы берем под изучение труды известных ученных, жившие в эпохе Караханидов (XI века) Махмуда Кашгари «Словарь тюркских языков» и Жусупа Баласагына «Благодатное знание», в которых рассматривается роль коня в кочевом скотоводстве и обряды, сказания, пословицы и поговорки, связанные с коневодством.

**Ключевые слова:** Эпоха Караханидов, скотоводство, коневодство, труды Махмуда Кашгари и Жусупа Баласагына.

**Abstract**

In this article we study the works of the famous scientists lived in the Karakhanides epoch (XI century), such as MakhmudKashgari "Turkic language dictionary" and JusupBalasagyn "Blessed knowledge", in which are considered the role of horse in the nomadic stock-breeding and customs, legends and proverbs connected with the horse-breeding.

**Key words:** Karahanides epoch, stock-breeding, horse-breeding, works of MakhmudKashgari and JusupBalasagyn.

X – XII кылымдарда Борбордук Тянь - *Ш*аньдын жана Жети - Суунун аймагында бир канча уруулардан түзүлгөн Карханилер каганатынын маданиий чарбачылык турмушу ар– түрдүүлүгү менен айырмаланат. Чарбалык укладында көчмөн мал чарбачылык маанилүү орунда болгондугу археологиялык, жазма булактарда жана Махмуд Кашгари менен Жусуп Баласагындын эмгектеринде ачык байкалат.

"Худуд ал - аламдын"авторунун маалыматында ягмалардын, карлуктардын, чигилдердин, тухсилердин жана кыргыздардын негизги байлыгы кой, уй, жылкы болгон. Жылкынын саны койдукунан кийинки эле орунду ээлеген. Салттуу мал чарбачылыкта жылкы артыкча бааланып, аны күнүмдүк жошоо турмушунда ар тармактуу пайдалана билишкен. Мисалы: жылкынын терисинен үй буюмдарын жазашса, көчүп конгондо жана жол жүргөндө негизги унаа катары, аңчылыкта, согуш иштеринде, бир жерден экинчи жерге кат – кабарларды жеткирүүдө, ат оюндарында, соода – сатыкта керектүү буюм – тайымдарга алмашуу болгон, ошондой эле бээ сүтүнөн жасалган кымыз көчмөндөрдүн сүйүктүү суусундугу болгон. Келтирилген мисалдарга улай араб жазуучусу Ал – Джахизанын (IX) "Эгер көчмөндөрдүн жашын сүрүштүрө турган болсок жана анын күндөрүн эсептей турган болсок ал жерде эмес, өзүнүн атында көп жүргөндүгүн байкайбыз" деген эскермесинен жылкынын чарбадагы орду канчалыкмаанилүү болгондугун жалпылап түшөнөбүз. [1;200].

Көчмөн мал чарбачылык жана андагы жылкычылык жөнүндө Караханилик акын, аалым Жусуптун поэмасында:

Дагы бир малчылар бар
Жылкы үйүрүн кайтарган.
Анан дагы, жылкычы малчылар бар,
Үйүр – үйүр жылкы айдайт жылкычылар.
Эти азык, сүтү кымыз – бул жаныбар,
Кулун – тай, байтал – бээси, айгыры бар,
Көчсөң унаа, жортуулга минсең тулпар.
Сүт, кымыз, айран, быштаккуруту бар.
Жесен тамак, жүнүнөн кийим болот,
Үстүңө үй, бастырсаң кийиз болот [2].

Махмуд Кашгари "Дивани лугатит түрктө" огуз уруулары жөнүндө айтып келип,ар бир

урууктун (уруу) кескин айырмаланган белгилери, эн - тамгалары бар. Бул белгилер боюнча төрт түлүк малды айырмалашып, ээсин ушул белгилерге карата таанып билишерин айтып өтөт. Ошондой эле диванда:**[6077]ул атин таглади.** “он отметил свою лощадь клеймом” - деп чабандестин өз атына тамга салгандыгы тууралу айтылат [3]. Кыргыздардагы жылкыга тамга салуу жөрөлгөсү байыркы IX – X к.к. “Улуу кыргыз дөөлөтү” мезгилинде да аткарылып келгендиги тууралуу Тан династиясынын тушундагы “Танхуяо” деп аталган атайын жыйнакта ага коңшулаш жашаган көчмөн элдер жана алардын жылкылары тууралуу маалымат топтошкон. Аталган булакта цзе – гулардын (кыргыздардын) жылкылары куркандардын жылкыларынын асылдыгы жана эн тамгалары окшош экендиги айтылат [4].

Караханилер мамлекетинин доорундагы көчмөн элдердин тамак – аш системасында бээнин сүтүнөн жазалган кымыз, суусундук жана азык тамак катары да болгондугу Махмуддун сөздүгүндө: (4182) **ар кимизланды** – “эр кымызтанды” деген сүйлөм орун алган. Байыртадан бери эле бээни саардын алдында таң эрте кулундарын атайын аркандан эшилген желеге кулундарын байлап, болжолу бээлер эки сааттын аралыгында бир саалып турат. Бул ыкма сөздүктө: **ар кулин кишади** “эр кулунду байлап койду” деп айтылат.Кымыздын жазалыш технологиясы жөнүндө: “бээ сүтүнөн сабаага куюлуп, ачытылат да ичилет” деп Махмуд Кашкари чет элдик (араб) окурманына түшүндүрмө берет. Ошондой эле “Эр кымыз пышты” деген сүйлөм да орун алган [5; 69].Чындап эле кымызды канчалык бышса ошончолук даамына келип “бал кымыз” болоорун карыялар эскертишет жана бүгүнкү күнгө чейин кыргыз элинде негизги баалуу улттук суусундук катары мааниге ээ.

Мындан сырткары эт азыктарында жылкы этин колдонушуп, сыйлуу тамак- аш катарында пайдаланышкан. Көчмөн турмушту чагылдырган чыгыш авторлору “эгерде, ал (түрк) жолу болбой калса өзүнүн жылкысын соет, эгерде суусаса, анда бир бээсин саайт” ошондой эле кытай булактары кыргыздар “эт жана кымыз менен тамактана тургандыгын” белгилешет [6;112]. Албетте кыргыздар жылкы этин байыртадан бери эле барктап келишкен. Мисалы: Кыргыздардардын салтында “уча” бул жакшылыкка багышталып атайын союлуп, бышырылган, сыйлуу коноктордун улуусуна, аксакалына же абройлуу мүчөсүнө тартылуучу жылкынын учасы болгон. Бул тууралуу Махмуд Кашкари “Диванда”: **[380] “ужа**” – арка, арткы бөлүк катары которот. Демек бул сыйлуу устукандын аталышы байыртадан бери эле өз маанисин жоготпой келе жаткандыгын баамдасак болот. Ушул эле салт Эне – Сай (Енисей) кыргыздарынын түз урпактары эсептелген хакас, туваларда да “ужа” - деп аталаары жана бул салттын келип чыгышы неолит дооруна таандык экендигин белгилешет [7;129 - 133].

Соода алакаларында мал жандык, жылкыларга баалуу буюм – тайымдарды алмашуу аркылуу бири – биринин керектөөлөрүн толукташкан. Соодагерлерге көмөктөшүп, алардын унаа малдарына каралашкан адамдарды биста деп аташкан. Мындай адамдар жөнүндө “Кут билимде”:

Мени менен таанышты өнөктөшүп,
Малдарымды сатышты көмөктөшүп.
Кербен сарай ээси экөө тил табышып
Бир тайымды алышты бөлөктөшүп [8].

Мындан сырткары жылкы баалуу белек болгондугун “Дивандагы”: **Мага ат багишла “**Мага ат белек кыл” деген сүйлөмдү учуратабыз**.**

“Дивандын” мазмунунан ат оюндары тууралуу да маалымат алабыз. Мисалы: ат чабыш, чооган (чавган – атка минип алып “бандал” деп аталган башы ийилген таяк менен “тобакты” б.а. топту чаап эки жаат болуп ойношоору айтылыат. Ошондой эле асыл тукум аргамактар айрыкча бааланган. Жылкынын турпаты сыны боюнча Жусуптун поэмасында: айгыр, кевел тазы (таза жорго)аркун (аргымак) жана тазы тай (таза тай) деген түрлөргө бөлүнөт. Махмуд Кашкари өз эмгегинде: “аркун” - жапайы айгыр менен колдо багылган бээлердин ортосунан алынган жылкы; алар ат чабышта биринчи орунду ээлейт” деп баяндайт [9;160]. Ал эми К. К. Юдахин “аргын” деген сөз кыргыз тилинин түштүк диалектисинде “аргын “аркун” болуп айтылаарын белгилеп, аны “нечистопородный скот, “метис, б.а. “таза кандуу эмес, аралашмасы бар мал” деп которот [10;66].

Атты кадырлоо, ага карата ишенимдер элдин руханий маданиятында, макал – лакаптарында кеңири чагылдырылган. “Ат адамдын канаты”деп кыргыздар атсыз жашоосун канатсыз кушка салыштырышкан. Буга байланыштуу Махмуд Кашгаринин эмгегинде бир катар макалдар, учкул сөздөр орун алган. Анда: “Куш канатын, эр атын” – “куш каалаган жерине канаты менен учуп баралса, адам үчүн ат куштун канатындай” мааниге ээ болгон. “Диванда” “эр канатланды” деген сөз бар. Автор аны “адам тулпарга ээ болду, ага минип сызды” деп которот [11;68].Кыргыздарда баланы тестээр кезинен атка мингизип аны салт катары улантышкан. Салттын маанисинде келечекте жолу шыдыр болуп, ата – журтуна кызмат кылган баатыр уулдардан болуп чоңоюшун тилек кылып, аскердик өнөргө тарбиялаган.

Махмуд Кашгаринин аталган эмгегинде көчмөн элдердин жылкыга болгон артыкча мамилеси, багуунун жолдору, тоюттандыруу жана аны таптоонун эрежелери, турпаты, өңү – түсү, жашы тууралу да кененирээк баяндап өтөт. Жылкыларды тоюттандыруу маселесинде атайын коруктар жана жайыттар пайдаланылган. Бул жөнүндө: (6152)**ат йашлади**– “аттарды жазгы жайытка тоюттандыргындыгы жөнүндө” айтылат.

Күлүктү таптоо ыкмаларында саяпкерлер таңашырылган аттын кургаган терин тарап же тазалап, денесин сергитип турушат. Диванда: (6070) **ар атин тарлади** “он высчитил свою лощадь скребницей, отер с нее пот и помет” деп которулат. Бул тууралуу “Семетей” эпосунда мындайча сүрөттөлөт:

*Абай түрдүү жабууну,*
*Аста жеңең алды эми.*
*Тайторудай бууданды*
*Кыргы менен кыргылап,*
*Ургу менен ургулап,*
*Жабуусун кайра тартты эле,*
*Тазалап терин артты эле (12;80).*

Байыркы мезгилдерден бери карай түрк тилдүү көчмөн калктардын коомдук турмушунда жылкы чарбачылыгы өз маанисин жоготкон эмес. Ал тургай Махмуд кашгари менен Жусуп Баласагындын эмгектеринде орун алганжылкычылыка байланышкан терминдер азыркы кыргыз тилинин лексикасында дээрлик сакталып, айтылып келет.

| **“ТҮРК ТИЛДЕРИНИН СӨЗДҮГҮ” ЖАНА “КУТТУУ БИЛИМ” ЭМГЕКТЕРИНДЕ** | **АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ** |
|---|---|
| **АТ** | **АТ** |
| **АЙГЫР** | **АЙГЫР** |
| **КИМИЗ** | **КЫМЫЗ** |
| **АРИК** | **АРЫК** |
| **АРКУН** | **АРГЫН** |
| **ЖАЛ** | **ЖАЛ** |
| **ЖОРГО** | **ЖОРГО** |
| **ТУЯГ** | **ТУЯК** |
| **БАКАЙАК** | **БАКАЙЫ** |
| **ТУЛАРСУК** | **ТОЛОРСУК** |
| **БАЙТАЛ** | **БАЙТАЛ** |
| **КУЛУН** | **КУЛУН** |
| **ТАЙ** | **ТАЙ** |
| **КИСРАК** | **КЫСРЕК** |
| **БУЗ** | **БОЗ** |
| **КУЛА** | **КУЛА** |
| **ТАРГИЛ** | **ТАРГЫЛ** |
| **ТУМ КАРА** | **ТУМ КАРА** |
| **КИРКИЛ** | **КИРГИЛ** |
| **АЛА** | **АЛА** |
| **АК** | **АК** |
| **БУКРУЛ** | **БУУРУЛ** |
| **КИЗГУЛ** | **КЫЗГЫЛ** |
| **КАШГА** | **КАШКА** |
| **КУМУЛДУРУК** | **КӨМӨЛДҮРҮК** |
| **ТИЗГИН** | **ТИЗГИН** |
| **САКАЛДУРУК** | **САГАЛДЫРЫК** |
| **КАМЖИ** | **КАМЧЫ** |

Тарыхый жазма булактар далилдеп тургандай жалпы көчмөндөр менен катар кыргыз элинин байыркы жана кийинки доорлорго чейинки күнүмдүк жана коомдук турмушунда жылкы жандыгынын мааниси зор болгон. Ошондой эле эгемендик үчүн күрөштө, мамлекет куруусунда, биримдиктүү жашоосунда негизги күч катары эсептелсе, руханий түшүнүгүндө сүйүктүү жаныбары, ажырагыс досукатарында кала берген.

Жыйынтыктап айтканда бир кана жылкычылыкка байланышкан маданий чарбалык

жалпылыктарыбызды эске алсак, байыркы орток Кыргыз – Түрк маданиятынын бүгүнкү түз мураскорлору азыркы кыргыз эли экендигинде шек жок.

**Колдонулган адабияттар**:


1. Ө. Караев. – История караханидского каганата. – Ф., 1983. – С. 200.
2. X – XII кылымдардагы Кыргызстандын калкынын чарбасы, саясий – социалдык түзүлүшү, маданияты // Кыргызстан тарыхынын маселелери. № 1 чыгырылышы Б., 2007. 135 – б.
3. Ауезова З. Махмуд аль – Кашгари. Диван Лугат ат – Турк. – Алматы: Дайк – Пресс, 2005.
4. Зуев Ю.А. " Тамги лошадей вассальных княжеств " // Новые материалы по древней и средневековой истории Казакстана. Труды ИИАЭ АН Каз. ССр. Т. VIII, 1960, - с.93 – 135
5. Т. К. Чороев. Махмуд ибн аль – Кашгари жана анын "Түркий тилдер сөз жыйнагы". – Ф.,1990. - 69 – б.
6. Муратбек Кожобеков. Кыргыз каганатынын тарыхы. – Б.,2013. - 112 – б.
7. Каратаев О. К. Кыргыздардагы "уча" салты жана анын тарыхый – этнографиялык паралеллдери // Материалы международной научнойконференции посвященной 75 – летиюпервой кыргызской женщины - ученного - этнографа Какен Мамбеталиевой. – С. 129 – 133.
8. Кыргызстан тарыхынын маселелери. Көрсөтүлгөн эмгек. 144 – 145 – б.
9. Турдубай Абдыракунов. Бабалардан калган сөз. – Ф.,1990.
10. Юдахин К.К. Киргизко – руский словарь. – Ф. – 66.
11. Т. К. Чороев. Аталган эмгек. – 68 – б.
12. Семетей. Саякбай Каралаевдин варианты боюнча. – Ф.,1987. – 80 – б.